КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

**ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИНИН**
**I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН №22- КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ**

ТОКТОМ

2026-жылдын 10-ноябрындагы №158 Оргочор айылы

**Үч-Кошкон айылынын 3 сааттык бала бакчага “Ак-Шыйрак мектепке чейинки билим берүү уюму” мекемеси деп аталышын коюп берүүгө жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары” Мыйзамынын 34-беренесине жана социалдык маселелер, маданий өнүгүү, укук жана спорт маселелери боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы А.Молдокматованын билдирүүсү угулуп Оргочор жергиликтүү кеңештин сессиясы токтом кылат:

1. Үч-Кошкон айылынын 3 сааттык бала бакча толук кандуу 10 сааттыкка өтуп жатканы жана бала бакчага “Ак-Шыйрак мектепке чейинки билим берүү уюму” мекемеси деп атоо боюнча жергиликтүү тургундардын макулдугу эске алынсын.

2. Үч-Кошкон айылынын 3 сааттык бала бакчасы “Ак-Шыйрак мектепке чейинки билим берүү уюму” мекемеси деп аталсын.

3. “Ак-Шыйрак мектепке чейинки билим берүү уюму” мекемесине тиешелүү иш кагаздарын мыйзам чегинде бүтуруп, иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

4. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб сайтына жарыялоого тиешелүү электрондук иш кагаздарын жиберүүгө жана юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кенешинин жооптуу катчысы Э.Тариеловага тапшырылсын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин социалдык маселелер, маданий өнүгүү, укук жана спорт маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөт башчысы Н.Жусуповго тапшырылсын

**Төрага** **А.Тыныбеков**